| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛУСУ<br>СОКУЛУК РАЙОНУ<br>СОКУЛУК АЙЫЛ<br>КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН<br>СОКУЛУКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

**03.02.2023ж №02-6/2**

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**«Сокулук айыл өкмөтүнүн кирешелердин чыгашалардан ашып түшкөн (2023 – жылдын 01 – январына карата бюджеттин жана атайын эсептеги эркин калдыктарды бекитүү жөнүндө)»**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин №44 беренесине ылайык Сокулук айыл өкмөтүнүн башчысы Э.А.Байжигитовдин жана каржы – экономика бөлүмүнүн башчысы Н.К.Суппукорованын Сокулук айыл өкмөтүнүн кирешелердин чыгашалардан ашып түшкөн (2023 – жылдын 01 – январына карата калган эркин калдыктар) жана бюджеттик келишимдин жалпы суммасы жөнүндөгү баяндамаларын угуп жана талкуулап Сокулук айылдык Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Сокулук айыл өкмөтүнүн кирешелердин чыгашалардан ашып түшкөн 2023 – жылдын 01 – январына карата Сокулук айыл өкмөтүнүн бюджетинин калдыгы 31 615,9 миң сом деп бекитилсин, анын ичинен: 5 150,6 миң сом бюджеттик келишимдин негизиндеги төлөмдөр жүргүзүлсүн, калган 26 465,3 миң сом эркин калдык болуп бекитилсин (№1 тиркеме).
2. Сокулук айыл өкмөтүнүн кирешелердин чыгашалардан ашып түшкөн 2023 – жылдын 01 – январына карата Сокулук айыл өкмөтүнүн атайын эсептеги жалпы калдыгы 4 657,9 миң сом деп бекитилсин жана багытына жараша колдонулсун (№2 тиркеме).

3. Бул токтомду, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин нормативдик – укуктук актыларынын бирдиктүү реестрине киргизүү үчүн, Чүй – Бишкек аймактык юстиция башкармалыгында каттоодон өткөзүү милдети Сокулук айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысына жүктөлсүн.
4. Токтомдун аткарылышы Сокулук айыл өкмөтүнүн башчысы Э.А.Байжигитовге жүктөлсүн.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Сокулук айылдык Кеңешинин бюджет жана каржы боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрайым** **З.Саткеева**